Building a better working world

«Эрнст энд Янг Аудит» ЖЧК
Токтогул к., 125/1
А Мунарасы
Бишкек ш., 720001
Кыргыз Республикасы
Тел.: +996 312 907 090
СТИН: 01602201010265
ey.com/kg

ООО «Эрнст энд Янг Аудит»
ул. Токтогула, 125/1
Башня А
г. Бишкек, 720001
Кыргызская Республика
Тел.: +996 312 907 090
ИНН: 01602201010265

Ernst and Young Audit LLC
125/1 Toktogul str.
Tower A
Bishkek, 720001
Kyrgyz Republic
Tel.: +996 312 907 090
ITN: 01602201010265

# Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу

«Кумтөр Голд Компани» ЖАКтын акционерине жана Директорлор кеңешине

### *Пикир*

Биз «Кумтөр Голд Компани» ЖАКтын ишканасынын (мындан ары - «Ишкана») финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүздүк, ал 2024-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө отчеттон, пайда жана чыгым жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттон жана көрсөтүлгөн күнгө карата аяктаган жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттон, ошондой эле финансылык отчеттуулукка эскертүүлөрдөн, анын ичинде эсеп саясатынын негизги жоболорунун кыскача серебинен турат.

Биздин пикирибиз боюнча, тиркелген финансылык отчеттуулук 2024-жылдын 31-декабрына карата ишкананын финансылык абалын, ошондой эле көрсөтүлгөн күнгө карата аяктаган жыл үчүн анын финансылык натыйжалуулугун жана акча каражаттарынын кыймылын Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырат.

### *Пикир билдирүү үчүн негиз*

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (АЭС) ылайык жүргүздүк. Биздин жоопкерчилигибиз көрсөтүлгөн стандарттарга шайкеш, андан ары биздин корутундубуздун «Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги» бөлүмүндө ачып көрсөтүлөт. Биз Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары Кеңешинин (БЭЭСК) Кесипкөй бухгалтерлердин эл аралык этика кодексине (анын ичинде эл аралык көз карандысыздык стандарттары) (БЭЭСК Кодекси) жана финансылык отчеттуулугуна биздин аудитибизге карата Кыргызстан Республикасында колдонулуучу этикалык талаптарга ылайык ишканага карата биз көз карандысызбыз жана биз ушул талаптарга жана БЭЭСК Кодексине ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык.

Биз өзүбүз алган аудитордук далилдер биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз болушу үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат деп ойлойбуз.

### *Маанилүү жагдайлар - ишкананын байланышы бар тараптар менен болгон операцияларынын олуттуу көлөмү*

Финансылык отчеттуулуктун 28-түшүндүрүүсүндө баяндалган маалыматтарга, атап айтканда, Компаниянын байланышы бар тараптар менен операцияларынын олуттуу көлөмүнө көңүл бурабыз. Биз бул маселе боюнча эч кандай өзгөртүлгөн пикирди билдирбейбиз.

### *Маанилүү жагдайлар - башка валютадагы финансылык отчеттуулуктун кошумча топтому*

Финансылык отчеттуулуктун 2-түшүндүрүүсүндө баяндалгандай, АКШ долларында берилген финансылык отчетту толуктоо үчүн Кыргыз сомунда берилген финансылык отчеттуулук Компания тарабынан даярдалган. Биз АКШ долларында берилген финансылык отчетту текшерип, 2025-жылдын 10-мартында аудитордук отчетубузду чыгардык. Биз бул маселе боюнча эч кандай өзгөртүлгөн пикирди билдирбейбиз.



A member firm of Ernst & Young Global Limited

EY
Building a better working world

### *Жетекчиликтин жана Директорлор кеңешинин финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчилиги*

Жетекчилик көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту ФОЭСке ылайык даярдоо үчүн жана жетекчилик ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчилик тартат.

Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантууга ишкананын кудуретин баалоо үчүн, ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгүнө тиешеси бар маалыматтарды тиешелүү учурларда ачып көрсөтүү үчүн жана ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолдордун негизинде отчеттуулукту түзүү үчүн жоопкерчилик тартат, буга жетекчилик Ишкананы жоюуга, анын ишин токтотууга ниеттенген же анда жоюудан же ишти токтотуудан тышкары, кандайдыр бир башка реалдуу айльтернатива жок болгон учурлар кирбейт.

Директорлор кенеши ишкананын финансылык отчеттуулугун даярдоого көзөмөлдүк кылуу үчүн жоопкерчилик тартат.

### *Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги*

Биздин максатыбыз финансылык отчеттуулук ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолорду камтыбай тургандыгына акылга сыярлык ишенимди алууда жана биздин пикирибизди камтыган аудитордук корутундуну чыгарууда турат. Акылга сыярлык ишеним ишенимдин жогорку деңгээлин билдирет, бирок Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудит олуттуу бурмалоолор бар болгон учурда аларды дайыма табат деген кепилдик болуп саналбайт. Бурмалоолор ак ниетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасы болушу мүмкүн жана, эгерде алар өз өзүнчө же жыйындысында бул финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынуучу пайдалануучулардын экономикалык чечимдерине таасир этиши мүмкүн деп негиздүү түрдө болжолдоого мүмкүн болсо, олуттуу деп эсептелет.

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлүп жаткан аудиттин алкагында биз кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонобуз жана бүткүл аудиттин аралыгында кесипкөй скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз төмөнкүлөрдү аткарабыз:

- ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолордон улам финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табабыз жана баалайбыз; бул тобокелдиктерге жооп иретинде аудитордук жол-жоблорду иштеп чыгабыз жана жүргүзөбүз; биздин пикирди билдирүү үчүн негиз болушу үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналган аудитордук далилдерди алабыз. Ак ниетсиз аракеттердин натыйжасында олуттуу бурмалоону таппай калуунун тобокелдиги катанын натыйжасында олуттуу бурмалоону таппай калуу тобокелдигине караганда жогору, анткени ак ниетсиз аракеттер көмүскө бүтүмдү, жасалмалоону, атайлап таштап кетүүнү, маалыматты бурмалап көрсөтүүнү же ички контролдоо системасын кыйгап өтүүчү аракеттерди камтышы мүмкүн;
- ишкананын ички контролдоо системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикирди билдирүү максатында эмес, жагдайга ылайык келген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында аудит үчүн мааниси бар ички контролдоо системасы түшүнүгүн алабыз;
- колдонулуучу эсеп саясатынын ойдогудай мүнөзүн жана жетекчилик эсептеп чыккан баалануучу маанилердин жана маалыматты тиешелүү ачып көрсөтүүнүн негиздүүлүгүн баалайбыз;



A member firm of Ernst & Young Global Limited

- жетекчилик ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгүнө жол берүүнү колдонушунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө тыянак, ал эми алынган аудитордук далилдердин негизинде – алардын натыйжасында өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантууга ишкананын кудуретине кыйла шектенүүлөр келип чыгышы мүмкүн болгон окуяларга же шарттарга байланыштуу олуттуу айкын эместик бар же жоктугу жөнүндө тыянак чыгарабыз. Эгерде биз олуттуу айкын эместиктин болушу жөнүндө тыянакка келсек, биз өзүбүздүн аудитордук корутундубузда көңүлдү финансылык отчеттуулуктагы маалыматты тиешелүү ачып көрсөтүүгө бурууга же, эгерде маалыматты ушундай ачып көрсөтүү ойдогудай эмес болуп саналса, пикирибизди модификациялоого тийишпиз. Биздин тыянактарыбыз аудитордук корутундубуздун күнүнө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок келечектеги окуялар жана шарттар Ишкана өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантууга кудуретин жоготушуна алып келиши мүмкүн;
- бүтүндөй алганда финансылык отчеттуулукту берүүнү, анын түзүмүн жана мазмунун, анын ичинде маалыматты ачып көрсөтүүнү, ошондой эле финансылык отчеттуулук анын негизинде турган операцияларды жана окуяларды алардын ишенимдүү берилиши камсыз кылынгыдай түрдө көрсөтө тургандыгын же жоктугун баалоону жүргүзөбүз.

Биз Директорлор кенеши менен маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырып, аларга башкалардан тышкары, аудиттин пландаштырылган көлөмү жана мөөнөттөрү жөнүндө, ошондой эле аудиттин натыйжалары боюнча олуттуу эскертүүлөр жөнүндө, анын ичинде биз аудиттин процессинде тапкан ички контролдоо системасынын маанилүү кемчиликтери жөнүндө маалыматты жеткиребиз.

Пол Джордж Кон
Аудитор / Башкы директор
«Эрнст энд Янг Аудит» ЖЧК

Аудитордун квалификациясынын сертификаты: А сериясы № 0366, каттоо номери 2018-жылдын 22-октябрындагы № 0446, 2023-жылдын 11-июлундагы № 11030 жеке каттоо номери

Жеке каттоо номери
«Эрнст энд Янг Аудит» ЖЧКсына Коомдук кызыкчылык туудурган субъекттердин жана ири ишкердиктин субъекттерин текшерүүгө жол берилген аудитордук уюмдардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде 2023-жылдын 22-июнунда №2100201 менен Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы тарабынан берилген.

Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары
Токтогул к. 125/1, 720001

2025 жылдын 17-марты



A member firm of Ernst & Young Global Limited

# КИРЕШЕЛЕР, ЧЫГЫМДАР ЖАНА БАШКА ЖАЛПЫ КИРЕШЕЛЕР БОЮНЧА ОТЧЕТ

**2024-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн**

| *Миң сом менен* | Эскер-түүлөр | 2024-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|---|
| Сатып алуучулар менен келишим боюнча түшкөн акча | 4 | **85 617 611** | 74 875 216 |
| Сатуу наркы | 5 | **(35 824 742)** | (31 874 047) |
| **Дүң киреше** | | **49 792 869** | 43 001 169 |
| Жалпы жана административдик чыгымдар | 6 | **(1 204 697)** | (1 065 228) |
| Салыктар | 7 | **(15 394 938)** | (13 348 227) |
| Геологиялык чалгындоо чыгымдары | 8 | **(238 563)** | (446 974) |
| Жаратылышты өнүктүрүү фонду жана региондору өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду | 9 | **(513 706)** | (660 262) |
| Күтүлүп жаткан кредиттик жоготуулар боюнча калыбына келтирүү / (чегерүү) | 11 | **941 608** | (586 268) |
| Башка операциялык кирешелер | | **–** | 85 881 |
| Башка операциялык чыгымдар | | **(763)** | (407) |
| **Операциялык пайда** | | **33 381 810** | 26 979 684 |
| Финансылык кирешелер | 12 | **1 445 739** | 1 054 020 |
| Финансылык чыгымдар | 12 | **(403 162)** | (327 977) |
| Социалдык өнүгүүгө салымдар | 13 | **(313 002)** | (170 962) |
| Башка кирешелер | | **139 204** | 183 407 |
| Башка чыгымдар | | **(124 819)** | (103 199) |
| Валюта айырмасы, нетто | | **25 160** | (798 663) |
| **Жыл үчүн пайда** | | **34 150 930** | 26 816 310 |
| Башка жалпы киреше | | **(2 914 463)** | 4 546 779 |
| **Башка жалпы кирешелердин жыйынтыгы** | | **31 236 467** | 31 363 089 |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

*Бузурман Субанов*
Башкармалыктын төрагасы

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*Талайгуль Букарбаева*
Башкармалыктын төрагасынын орун басары

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*Асель Дуйшеналиева*
Башкы бухгалтер

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*5-42-беттердеги түшүндүрмө эскертүүлөр ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

# ФИНАНСЫЛЫК АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

**2024-жылдын 31-декабрындагы абалга карата**

| *Миң сом менен* | **Эскерт үүлөр** | **31 декабрь 2024 жыл** | 31 декабрь 2023 жыл |
|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | |
| **Учурдагы эмес активдер** | | | |
| Негизги каражаттар | 14 | **63 719 321** | 59 368 160 |
| Запастар | 18 | **27 646 156** | 20 507 792 |
| Рекультивациялоого акча каражаттары | 25 | **5 531 717** | 5 632 340 |
| Учурдагы эмес активдер үчүн алдын-ала төлөө | 15 | **1 077 598** | 3 462 797 |
| Депозиттер | 16 | **447 143** | 574 333 |
| Узак мөөнөттүү берилген насыялар | 17 | **93 805** | 93 805 |
| | | **98 515 740** | 89 639 227 |
| **Учурдагы активдер** | | | |
| Запастар | 18 | **8 902 921** | 12 846 481 |
| Материалдар жана алдын ала төлөө | 19 | **16 599 303** | 17 574 746 |
| Соода жана башка дебитордук карыздар | 20 | **12 097 519** | 9 869 422 |
| Депозиттер | 16 | **1 046 141** | 160 000 |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 21 | **28 356 896** | 13 827 498 |
| | | **67 002 780** | 54 278 147 |
| **Жалпы активдер** | | **165 518 520** | 143 917 374 |
| **Өздүк капитал** | | | |
| Акционердик капитал | 24 | **100** | 100 |
| Кошумча төлөнгөн капитал | 24 | **471 030** | 471 030 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | **142 701 891** | 121 517 366 |
| Чет өлкө валютасын кайра эсептөө боюнча резерв | | **9 287 613** | 12 202 076 |
| **Өздүк капиталдын жыйынтыгы** | | **152 460 634** | 134 190 572 |
| **Милдеттенмелер** | | | |
| **Узак мөөнөттүү милдеттенмелер** | | | |
| Рекультивациялоого резерв | 25 | **5 470 854** | 5 333 241 |
| Ижара милдеттенмелери | | **–** | 71 631 |
| | | **5 470 854** | 5 404 872 |
| **Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер** | | | |
| Соода жана башка кредитордук карыздар | 22 | **2 263 384** | 2 013 555 |
| Төлөөгө тийиш болгон башка салыктар | 23 | **5 323 648** | 2 292 267 |
| Ижара милдеттенмелери | | **–** | 16 108 |
| | | **7 587 032** | 4 321 930 |
| **Милдеттенмелердин жыйынтыгы** | | **13 057 886** | 9 726 802 |
| **Капиталдын жана милдеттенмелердин жыйынтыгы** | | **165 518 520** | 143 917 374 |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

*Бузурман Субанов*
Башкармалыктын төрагасы

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*Талайгуль Букарбаева*
Башкармалыктын төрагасынын орун басары

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*Асель Дуйшеналиева*
Башкы бухгалтер

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*5-42-беттердеги түшүндүрмө эскертүүлөр ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

# АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН АГЫМЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

**2024-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн**

| *Миң сом менен* | Эскер-түүлөр | 2024-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|---|
| **Операциялык иш-чаралар** | | | |
| Жыл үчүн пайда | | **34 150 930** | 26 816 310 |
| *Жыл ичиндеги кирешени таза акча агымына дал келтирүү үчүн түзөтүүлөр* | | | |
| Амортизация жана эскирүү | 14 | **14 488 210** | 24 744 779 |
| Запастар боюнча камды эсептөө | | **348 655** | 192 253 |
| Финансылык активдер боюнча күтүлүп жаткан кредиттик чыгымдар | 11 | **(941 608)** | 586 268 |
| Финансылык кирешелер | 12 | **(1 445 739)** | (1 054 020) |
| Финансылык чыгымдар | 12 | **403 162** | 327 977 |
| Алмашуу курсунун айырмасы | | **(25 160)** | 798 663 |
| Башка операциялык кирешелер | | **–** | (85 928) |
| Башка чыгымдар | | **124 819** | 103 148 |
| Негизги каражаттарды тескөөдөн чыгаруудан чыгым / (киреше) | | **41 131** | (6 326) |
| | | **47 144 400** | 52 423 124 |
| Запастарды өзгөртүү | | **(3 982 060)** | (17 645 267) |
| Материалдарды өзгөртүү жана алдын-ала төлөө | | **216 375** | 7 094 071 |
| Соода жана башка дебитордук карыздардын өзгөрүшү | | **(1 379 377)** | (6 772 729) |
| Соода жана башка кредитордук карыздардын өзгөрүшү | | **297 678** | (2 089 850) |
| Төлөөгө тийиш болгон башка салыктардын өзгөрүшү | | **3 136 081** | (184 068) |
| **Операциялык иш - аракеттерден келип түшкөн акча каражаттарынын агымы** | | **45 433 097** | 32 825 281 |
| Алынган пайыздар | | **1 355 152** | 1 005 037 |
| **Операциялык ишмердиктен алынган таза акча агымдары** | | **46 788 249** | 33 830 318 |
| **Инвестициялык иш-чаралар** | | | |
| Негизги каражаттарды сатып алуу | | **(18 192 808)** | (19 439 228) |
| Узак мөөнөттүү депозиттерден кирешелүүлүгү | | **175 000** | 40 000 |
| Кыска мөөнөттүү депозиттерди (жайгаштыруу) кайтаруу | | **(915 000)** | – |
| Берилген насыялардан чыгаруулар | 17 | **–** | (93 805) |
| Рекультивация эсебине акча каражаттарын чегерүүлөр | | **(28 430)** | (816 464) |
| **Инвестициялык иш-аракеттерде колдонулган таза акча агымдары** | | **(18 961 238)** | (20 309 497) |
| **Финансылык иш-чаралар** | | | |
| Ижара милдеттенмелерин төлөө | | **(14 814)** | (41 382) |
| Төлөнгөн дивиденддер | 24 | **(12 966 405)** | (9 652 800) |
| Акционерге төлөмдөр | | **–** | (267 735) |
| **Финансылык ишмердикте колдонулган накталай акча агымдары** | | **(12 981 219)** | (9 961 917) |
| **Акча каражаттарынын жана акча эквиваленттеринин таза көбөйүшү / (азайышы)** | | **14 845 792** | 3 558 904 |
| Валюта курсунун өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине таасири | | **(200 350)** | (271 016) |
| Күтүлүп жаткан кредиттик жоготуулардын акча каражаттарына жана анын эквиваленттерине таасири | 11 | **(116 044)** | (42 498) |
| 1-январга карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | | **13 827 498** | 10 582 108 |
| **31-декабрга карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | 21 | **28 356 896** | 13 827 498 |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

*Бузурман Субанов*
Башкармалыктын төрагасы

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*Талайгүль Букарбаева*
Башкармалыктын төрагасынын орун басары

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

*Асель Дүйшеналиева*
Башкы бухгалтер

17-март, 2025-жыл
Бишкек (Кыргыз Республикасы)

# ӨЗДҮК КАПИТАЛДЫН ӨЗГӨРҮШҮ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

**2024-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн**

| *Миң сом менен* | Акционер-дик капитал | Кошумча төлөнгөн капитал | Чет өлкө валютасын кайра эсептөө боюнча резерви | Бөлүш-түрүлбөгөн пайда | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2023-жылдын 1-январына** | 100 | 471 030 | 7 655 297 | 104 780 593 | 112 907 020 |
| Жыл үчүн пайда | – | – | – | 26 816 310 | 26 816 310 |
| Жалпы киреше | – | – | 4 546 779 | – | 4 546 779 |
| **Жыл ичиндеги жалпы кирешенин жыйынтыгы** | – | – | 4 546 779 | 26 816 310 | 31 363 089 |
| Дивиденддер | – | – | – | (9 652 800) | (9 652 800) |
| Акционерге төлөмдөр | – | – | – | (426 737) | (426 737) |
| **2023-жылдын 31-декабрына** | **100** | **471 030** | **12 202 076** | **121 517 366** | **134 190 572** |
| Жыл үчүн пайда | **–** | **–** | **–** | **34 150 930** | **34 150 930** |
| Жалпы киреше | **–** | **–** | **(2 914 463)** | **–** | **(2 914 463)** |
| **Жыл ичиндеги жалпы кирешенин жыйынтыгы** | **–** | **–** | **(2 914 463)** | **34 150 930** | **31 236 467** |
| Дивиденддер | **–** | **–** | **–** | **(12 966 405)** | **(12 966 405)** |
| **2024-жылдын 31-декабрына** | **100** | **471 030** | **9 287 613** | **142 701 891** | **152 460 634** |

Компаниянын жетекчилигинин атынан кол коюлган:

| | | |
|---|---|---|
| *Бузурман Субанов* | *Талайгуль Букарбаева* | *Асель Дуйшеналиева* |
| Башкармалыктын төрагасы | Башкармалыктын төрагасынын орун басары | Башкы бухгалтер |
| 17-март, 2025-жыл | 17-март, 2025-жыл | 17-март, 2025-жыл |
| Бишкек (Кыргыз Республикасы) | Бишкек (Кыргыз Республикасы) | Бишкек (Кыргыз Республикасы) |

*5-42-беттердеги түшүндүрмө эскертүүлөр ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*